КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# МЕКТЕПТЕР ОРТОСУНДА ӨНӨКТӨШ МАМИЛЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ ЖАНА КОЛДОО БОЮНЧА КОЛДОНМО



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# МЕКТЕПТЕР ОРТОСУНДА ӨНӨКТӨШ МАМИЛЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ ЖАНА КОЛДОО БОЮНЧА КОЛДОНМО

**Бишкек 2019**

Акысыз таратылат

УДК 371
ББК 74.04 (2)
М 46

Мектептер арасында өнөктөш мамилелерди уюштуруу жана колдоо боюнча колдонмо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Педагогикалык кадрлардын кесипкөйлүгүн жогорулатуучу жана кайра даярдоочу республикалык институттун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилип, басып чыгаруу жана практикада колдонуу үчүн сунуш кылынды (2019-жыл, 25-апрелдеги №2 протокол).

*Түзүүчүлөр:* Шакиров Р.Х., эл аралык кеңешчилер Буффони Б., Дженкинс С.

*Рецензент:* Нусубалиева Е.Ш., педагогика илимдеринин кандидаты, И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын доценти.

**М 46 Мектептер арасында өнөктөш мамилелерди уюштуруу жана колдоо боюнча колдонмо / түз.: Р.Х. Шакиров, А.Д. Юсупова, С. Дженкинс. – Б.: 2019 - 24 б., текст кырг., орус. тил.**

**ISBN 978-9967-28-574-3**

Мектептер арасында өнөктөш мамилелерди уюштуруу жана колдоо боюнча колдонмодо билим берүү уюмдарынын (мектептердин, гимназиялардын, лицейлердин, билим берүүчү комплекстердин) деңгээлинде өнөктөш мамилелерди түзүү жана өнүктүрүү компоненттери берилген. Колдонмодо «Мектеп өнөктөштүгүнө» түшүнүк берилип, билим берүү уюмдарынын ортосунда өнөктөш мамилелерди жолго коюу принциптери жана анын түрлөрү, багыттары, кызматташуу процессин баштоо жана өнүктүрүү кадамдары да сыпатталган. Бул колдонмо билим берүү уюмдарынын адистеринин үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн колдоочу куралдардын бири болуп саналат.

Колдонмо адистердин кеңири чөйрөсүнө – мектеп жетекчилерине, рай/шаарББ адистерине ж.б. арналган.

Бул басылма АӨБ колдоосунда даярдалды. Анын мазмуну АӨБдүн көз карашына дал келбеши да мүмкүн.

Басылманы Lattanzio Advizory SpA компаниясы Азия өнүктүрүү банкы тарабынан каржылануучу «Секторду өнүктүрүү: билим берүү тутумун бекемдөө долбоорунун» алкагында даярдады.

**М 4304000000-19**

**ISBN 978-9967-28-574-3**

**УДК 371**
**ББК 74.04 (2)**
**© КР ББжИМ, 2019**

## МАЗМУНУ


**Киришүү........................................................................................................5**

**1. Мектеп өнөктөштүгү деген эмне? ...........................................................6**

**2. Мектеп өнөктөштүгүнүн ар кандай түрлөрү ...........................................7**

*2.1. Эл аралык жана жергиликтүү өнөктөштүк ...............................................7*

*2.2. Виртуалдык же реалдуу өнөктөштүк .......................................................7*

*2.3. Шаардык жана айылдык...........................................................................8*

*2.4. Формалдуу жана бейформал....................................................................8*

**3. Башка мектеп менен кызматташуу эмне үчүн пайдалуу?.......................9**

*3.1. Окуу ресурстарын алмашуу.....................................................................9*

*3.2. Кесипкөйлүктү өркүндөтүү усулдарын жана тажрыйбаны алмашуу......................9*

*3.3. Көйгөйлөрдү чечүү....................................................................................9*

*3.4. Мектепти башкаруу жана жетектөө тутуму ..............................................9*

*3.5. Биргелешкен долбоорлор .........................................................................10*

*3.6. Маданий, спорттук жана билим берүү иш-чаралары ..............................10*

*3.7. Окуучуларды жана мугалимдерди алмашуу боюнча программалар ........................10*

*3.8. Желелерди түзүү.......................................................................................11*

*3.9. Кызыгуу……….......................................................................................12*

*3.10. Кесипкөйлүктү өркүндөтүүнүн биргелешкен мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу.........12*

**4. Ийгиликтүү өнөктөш мамилелер кандай болот? .....................................13**

*4.1. Тең укуктуулук жана сыйлашуу..............................................................13*

*4.2. Эки тараптуу кызматташтык....................................................................13*

*4.3. Муктаждыкка жараша өнөктөштүк .........................................................13*

*4.4. Ар кандай өнөктөштүктү баштоодон мурдагы так, конкреттүү жана реалдуу максаттар………....................................................................................13*

*4.5. Ийне-жибине чейин пландоо....................................................................14*

*4.6. Сапаттуу диалог ........................................................................................14*

*4.7. Иштин мөөнөтү, катышуучулар жана заттык ресурстар боюнча милдеттенмелер.…..............................................................................................15*

*4.8. Баалоо жана окутуу...................................................................................15*

**5. Бирок… көйгөйлөр жана аларды чечүү ..................................................16**

*5.1. Тил…………………...............................................................................16*

*5.2. Чыгымдар……..........................................................................................16*

*5.3. Устав, нускамалар.....................................................................................17*

**6. Өнөктөш мамилелерди пландоо........................................................................18**

**7. Тиркемелер..........................................................................................................20**

*1-тиркеме. Кодекс (үлгү) ..........................................................................................20*

*2-тиркеме. Сиздердин мектептин күчтүү жана чабал жактарын талдоо...................20*

*3-тиркеме. Мектептерде өнөктөштүктү илгерилетүүчү сайттар...............................22*

*4-тиркеме. Боордош шаарлардын тиркемелери.........................................................22*

*5-тиркеме. Кыргызстандагы жеке менчик жана эл аралык мектептер........................23*

*6-тиркеме. «Боордош мектептер» программасына катышуу үчүн мектепке чакыруу каты (үлгү) ......................................................................................................24*

## Киришүү

Бул колдонмону жазардан бир нече ай мурда биз Кыргызстандын айылдык мектептеринин бирине барып, мугалимдерге: «Сиздердин мектептин кандай өзгөчөлүктөрү бар?» – деп сурадык. Алардын: «Эч кандай, анткени бөлөк мектептердей эле», – деген жообу бизди бир аз таң калтырды.

Биз, мугалимдер, убактыбыздын көбүн мектеп имаратында өткөрөбүз, ошондуктан баардык мектептердин өзгөчөлүгү (маанай, күчтүү жана чабал жактары боюнча айырмасы) барлыгын анча байкай бербейбиз. Мектептин жайгашкан жери, курчап турган коомдоштук, мугалимдер менен окуучулар – ушулардын баары мектептеги өзгөчө маанайды аныктайт. Мектепке конок болуп келгенибизде, муну даана байкайбыз. Бул мектепте мугалимдер менен жетекчиликтин ортосундагы өз ара мамиле өтө жөнөкөй, ошол эле учурда абдан кесипкөй да нукка салыныптыр. Окуучулары да оор басырыктуу, көңүлдүү жана окууга дилгир экендиги байкалат. Мектеп бал аарылардын уюгуна окшойт. Бул мектепте дагы башка көптөгөн мыкты нерселер бар экендиги шексиз! Биз дүйнөнүн баардык жеринде болсо деп кыялданган мектеп ушул экен. Тилекке каршы, ага жетүү кыйын.

Кызыгы, баардык мектептерде мындай бир тенденция байкалат: кайсы жагынан жакшыргылары келерин сураганыңызда, алар чоң тизме беришет; бирок башка мектептер менен кайсы ийгиликтериңерди бөлүшкүңөр келет деп сурасаңыз, бир нече гана жагдайды көрсөтүшөт да, корунуп калышат.

Бул мектеп өзү аңдап-билбесе да, бөлөк мектептерге көп нерсени сунуш кыла алат жана өзү да башкалардан жаңы нерселерди үйрөнүүгө дилгир. Албетте, мындай окутуу процессин Билим берүү жана илим министрлиги ар кандай семинарлар жана тренингдер түрдө расмий уюштурса болот. Бирок күтүүнүн кереги барбы? Окутуунун мындай түрүн бейформал, мектеп өнөктөштүгү, башкача айтканда, «Боордош мектептер» программасы аркылуу ишке ашырса болот.

## 1. Мектеп өнөктөштүгү деген эмне?

Көпчүлүгүбүз ири көлөмдөгү ишти чогуу аткаруу сыяктуу татаал милдетти аркалоодо биргелешсек, күчүбүз гана артпастан, ар кандай идеяларга да ээ боло турганыбызды түшүнөбүз. Дээрлик баардык өлкөлөрдө мектептер кызматташуу аркылуу дайыма кошумча ресурстар менен мүмкүнчүлүктөрдү алышы мүмкүн. Булар – каржы ресурстары эле эмес, өзүнө окуу материалдарын, окутуучуларды, окуучуларды, сабактарды, тажрыйбаны ж.б. камтыган ресурстар.

Көпчүлүк өлкөлөрдө мектептер англисче «твиннинг» деп аталган өнөктөш мамилелерди түзүшөт. Кыргыз тилинде биз бул программаны «өнөктөш мектептер», ал эми орус тилинде «школы-побратимы» деп атайбыз. Райондун ар кайсы мектептеринин мугалимдери менен жолугушуу учурунда алардын айрымдары буга чейин эле башка мектептер менен кызматташуу тажрыйбасына ээ экендигин уктук. Албетте, бул өнөктөштүктүн бир формасы, бирок биз эске алып жаткан түрү бир кыйла уюшкандыкта жана түзүмдүү келип, райББ/шаарББ көмөгүсүз эле ишке ашырылат. Өнөктөштүктүн мындай түрүндө мектептер ортосундагы мамилелер бири-биринен үйрөнө алгыдай ***теңдеш тараптар кызматташат***. Негизги идея эки мектеп тең билгенин бөлүшүп, ошол эле учурда бири-биринен үйрөнө тургандыгында жатат. Бул жерде бир мектеп «мыкты» чыгып, экинчиси утулуп калгыдай атаандашуу болбошу керек. Бул өнөктөш мамилелердин ийгилиги алар кандай түзүлгөндүгүнө, ар бир өнөктөштүн ишеним деңгээлине жана күтүүсүнө жараша чечилет.

Бул колдонмонун максаты – мектептер ортосунда өнөктөш мамилелерди түзүү боюнча сунуштарды берүү жана мектеп мындай кызматташуудан кандай пайда табарын белгилөө.

*Эскертүү. Бул басылма мугалимдердин кесипкөйлүгүн тынымсыз өркүндөтүүнү (КТӨ) илгерилетүү боюнча сынактан өткөрүлүп жаткан усулдар топтомунун бир бөлүгү болуп саналат. Мектеп өнөктөштүгүн уюштуруу менен тыгыз байланышкан негизги усул «Практиктердин коомдоштугун түзүү жана иштешүү» деген 5.4-усул болуп эсептелет.*

## 2. Мектеп өнөктөштүгүнүн ар кандай түрлөрү

Мектеп өнөктөштүгүнүн калыптанган түрлөрү жок, аны ар кандай айкалыштырса болот. Төмөндө биз мектеп өнөктөштүгүнүн негизги түрлөрүнүн айрымдарын сыпаттап өтөбүз.

### 2.1. Эл аралык жана жергиликтүү өнөктөштүк

Бүткүл дүйнөдөгү мектептер жергиликтүү мектептер менен дагы, башка өлкөлөрдүн мектептери менен дагы кызматташат. Эң жигердүү мектептер бир эле учурда өз районунун, өлкөсүнүн мектептери менен да, башка өлкөлөрдүн мектептери менен да кызматташа алат. Мында тил жана маалымат технологиялары тоскоолдук кылышы ыктымал.

Эгер эл аралык өнөктөш мамилелерди жолго коюу жана өнүктүрүү үчүн айрым бир чыгымдар жумшалат, ал эми «бетме-бет» жолугушуулар сиздердин мектептин дүркүрөп өсүшүнө алып келет. Кыргызстандын мектептерине чет элдик мектептер менен байланышуу айрыкча керек болушу мүмкүн, анткени дүйнөнүн көп мамлекеттери биздин өлкөнүн маданиятына өтө кызыгат.

Кызматташуунун башталышында эле муну тактап алуу керек: дүйнөдөгү кайсы өлкөлөрдүн мектебин албайлы, көбүнчө бөлөк мектептин жол чыгымдарын төлөй албайт.

Кез-кезде жолугушуп тургудай жергиликтүү (облустук, райондук же өлкөлүк) деңгээлдеги өнөктөштүктү колдоо оңой жана адатта каражат да аз сарпталат.

Бул документте эл аралык жана жергиликтүү өнөктөштүктү жүргүзүүнүн жол-жоболорун жана ресурстарын сунуштайбыз.

### 2.2. Виртуалдык же реалдуу өнөктөштүк

Эгер биз виртуалдык өнөктөштүктүн мүмкүнчүлүктөрүн пайдалансак, эл аралык өнөктөштүктү ишке ашыруу оңой болот. Виртуалдык өнөктөштүктө (бул көбүнчө англисче e-twinning деп аталат) байланышуу жана идеяларды алмашуу үчүн электрондук технологиялар колдонулат. Мисалы, жолугушууну виртуалдык режимде: Skype, Facebook, V-Contact же WhatsAppтын жардамында уюштуруу мүмкүн, ал эми электрондук почтаны же Dropboxту пайдаланып, сабактардын пландарын, долбоорлордун жыйынтыктарын же ар кандай документтерди алмашып турса болот.

Биз иш жүзүндөгү өнөктөштүк тууралуу айтканыбызда, «бетме-бет» жолугушуу, телефон жана почта сыяктуу салттуу каражаттар аркылуу жүргүзүлүүчү өнөктөштүктү эске алабыз.

Албетте, эң мыкты өнөктөштүк – бул виртуалдык жана реалдуу өнөктөштүктү айкалыштыруу, анткени көпчүлүгүбүз кез-кезде иштешкен кишилерибиз менен жолугушуп турууну жактырабыз. Мындан тышкары, айрым нерселерди байкоо жана кармалап көрүү жолу аркылуу гана түшүнөбүз.

## 2.3. Шаардык жана айылдык

Шаардык мектептер айылдык райондордун мектептери менен (же тескерисинче) өнөктөш мамилелерден чоң пайда көрүшү мүмкүн. Өнөктөштүктүн мындай түрү өз өлкөсүн таанып-билип жаткан айылдык да, шаардык да мектептердин окуучулары үчүн айрыкча пайдалуу, себеби айылдык турмуш шаардыкынан бир топ айырмаланат. Окутуунун академиялык натыйжалары боюнча айылдык мектептер шаардык мектептерге жетпейт, бирок айылдык мектептер көбүнесе коомдоштук жана айлана чөйрө менен тыгыз байланышта болуп, инновациялык ресурстарды түзүү боюнча да өтө чыгармачыл келет.

## 2.4. Формалдуу жана бейформал

Айрым учурларда жазуу жүзүндө келишимге кол коюу менен формалдуу мамиле түзүү пайдалуу болушу мүмкүн, бирок кызматташууну дайым эле ушундайча баштоого болбойт. Алсак, ишенимге негизделген достук үчүн мындай ыкма жарабайт. Андыктан биз кызматташтыкты бизди урматтаган жана биздин кесипкөйлүгүбүздү баалаган мектептер менен баштасак болот. Бул учурда мектептер ортосунда ар кандай идеяларды жана ресурстарды алмашуу эч кандай чыгымды талап кылбайт. Эгер эл аралык өнөктөштүктүн кандайдыр бир бирикмесинин курамына кирсеңиздер, анда сиздердин мектепке атайын форма толтуруп, жүрүм-турум кодексин сактоо керек болот.

## 3. Башка мектеп менен кызматташуу эмне үчүн пайдалуу?

Бир же бир нече мектеп менен кызматташуунун көп артыкчылыктары бар. Баардык мектептер үчүн пайдалуу өз ара алака-катыштарга төмөнкүлөр кирет:

### 3.1. Окуу ресурстарын алмашуу

Булар сабактардын пландары, видео (сабактардын, жолугушуулардын ж.б.) окуучулардын иштеринин үлгүлөрү, баалоо тесттери ж.б.у.с. ресурстар болушу мүмкүн. Ресурстарды алмашуу окуучулардын керектөөлөрүнө эң мыкты ыкмада жооп кылуу үчүн мектептин дараметин жакшыртууга түрткү болот.

### 3.2. Кесипкөйлүктү өркүндөтүү усулдарын жана тажрыйбаны алмашуу

Балким, сиздердин мектепте мыкты музыка мугалими бар, бирок тажрыйбалуу математиктер жок. Сиздердин мектептин тажрыйбалуу мугалимдери башка мектепте семинар, тренинг өткөрүшү же, тескерисинче, башка мектептерден сиздерге келиши мүмкүн.

Сиздердин мектептин тарых мугалимдери жаш болушу мүмкүн. Жаш адис катары алардын камылгасы өтө аз. Ал эми алар өнөктөш мектептин бир кыйла тажрыйбалуу окутуучулары менен чогуу иштесе, сабактардын планы менен ресурстардын корун тез арада түзө алышы ыктымал. Ошентип, биз билим берүүдөгү мыкты тажрыйба аныкталды жана сиздердин мектептин деңгээлинде колдонула баштады деп ишенимдүү айта алабыз.

### 3.3. Көйгөйлөрдү чечүү

Балким, сиздердин мектеп кайсы бир илимий жабдууну сатып алуу үчүн каражат топтоого муктаж, бирок сиздерге бул процессти уюштуруу үчүн айрым бир идеялар керек. Сиздердин өнөктөш (боордош мектеп) бул маселени чечүүнүн атүгүл сиздердин ойго келбеген чыгармачыл жолун биле тургандыгын көрүшүңүздөр мүмкүн.

Мүмкүн, сиздердин мектепте чогулушка ата-энелер катышпай жаткандыр. Ал эми өнөктөш мектеп бул маселени чечүүнүн алгылыктуу жолун тапкан чыгар.

### 3.4. Мектепти башкаруу жана жетектөө тутуму

Акыркы жылдарда көпчүлүк өлкөлөрдүн мектептери кызматкерлер менен келишим тариздөө, окуучулардын мектепке катышуусу боюнча саясат жүргүзүү, стратегиялык пландар ж.б.у.с. документтерди жазып турушат. Өлкөлөр ортосундагы мыйзамдар менен тутумдар айырмалангандыгына карабастан, бул нерселерди нөлдөн баштоого аракет кылбашыбыз керек, анткени пайдалануу жана ыңгайлаштырып алуу үчүн даяр үлгүлөр бар. Ошондуктан боордош мектептер өздөрү түзүш керек болгон документтерди өз ара алмашып, аларды даярдоого жумшалган убакытты да үнөмдөшөт.

Мектептерге өз ара иштешүүнүн дагы бир ыктымал пайдасы Камкорчу кеңештеринин/Ата-энелер комитеттеринин ортосундагы тажрыйба алмашуудан көрүнөт. Кыргызстандын мектептеринде Камкорчу кеңештер менен иштөөдөгү тажрыйба азырынча жетишсиз, ал эми башка өлкөлөрдүн коомдоштуктары жана мектептери бул жаатта көп жылдар бою тажрыйба топтогондуктан, маселени чечүүгө орчундуу көмөк көрсөтө алат.

## 3.5. Биргелешкен долбоорлор

Эки мектеп тең жаңы предметтик стандарттарга ылайык келген математика боюнча баалоо усулдары жоктугунан кыйналышы мүмкүн. Бул учурда мектептер жумушту бөлүштүрүп алып, аларды чогуу иштеп чыгуу боюнча сүйлөшүп алса болот (ошондо көбүрөөк идея топтолот да, жумуш эки эсе тез бүтөт).

Мектептер окуучулар үчүн биргелешкен долбоорлорду иштеп чыкса да болор эле. Мисалы, алардын коомдоштугу айлана-чөйрөнүн булганышы же суунун тартыштыгы менен байланышкан маселени кантип чечерин билүү үчүн интернет аркылуу кызматташса болот. Же топтордо биргелешип иштеп, жаштар арасындагы жумушсуздук, айлана-чөйрөнүн абалына кайдыгерлик өңдүү маселелерди чечүү боюнча өз сунуштарын ортого салышы мүмкүн. Атүгүл окуучулар жупташып эссе, ыр ж.б.у.с. жазган салттуу ишти да уюштурса болот. Өз ишин бир кыйла кеңири жамаатта аткарууга мүмкүнчүлүк берсеңиз, алардын иши улам кийинкисинде жакшыра баштагандыгын байкайсыз.

Эгер тил билбестик өз ара иштешүүгө тоскоолдук кылса, анда бул окуучулардын өнөктөштөр менен дагы да эффективдүү баарлашуу үчүн тилди жакшыраак окуп-үйрөнүшүнө түрткү болот.

## 3.6. Маданий, спорттук жана билим берүү иш-чаралары

Боордош мектептер окуучулар, мугалимдер, атүгүл ата-энелер катыша алгыдай иш-чараларды уюштурса болот. Булар спектакль коюу, спорттук мелдеш, түздөн-түз катышууну талап кылбаган, мисалы, окуучулардын көркөм же жазуу иштерин көрсөтүү сыяктуу иш-чаралар болушу мүмкүн.

Ар кайсы маданий чөйрөдөгү окуучулар бирге иштесе, интернетте баарлашса, биз аларга окуу программасынын максаттарына жетүү жагынан жардам беребиз. Окуучуларга бул тууралуу окуп эле койгонго караганда бөлөк элдердин маданиятын таанып-билүү бир кыйла жеңил болору анык.

Мелдештерде сөзсүз жеңишке жетүүгө айрыкча басым жасоонун зарылчылыгы жок, анткени бул кызматташтыктын токтоп калуусуна алып келиши ыктымал.

## 3.7. Окуучуларды жана мугалимдерди алмашуу боюнча программалар

Алмашуу программаларын уюштурса болот. Алсак, бир мектептин окуучулары же мугалимдери эки жума бою башка мектепте окуса же сабак берсе болот же тескерисинче

башка мектептен келиши мүмкүн. Албетте, биринчи кезекте аларды жайгаштыруу зарыл. Эгер окуучулардын ата-энелери бул программаны колдосо жана мугалимдер бири-биринин ордунан иштешке макул болсо, анда мындай алмашууга анча чоң чыгым жумшалбашы керек. Кыйынчылык жаралбашы үчүн буга окшогон келишимдердин баары райББ/шаарББ макулдугу менен аткарылышы кажет.

Мугалимдер үчүн мындай алмашуунун максаты өтө так болушу керек: бул – кандайдыр бир жаңы нерсе өнөктөш мектепте кандай практикаланып жатканын жана аны өз мектебинде кантип колдонсо боло тургандыгын билүү максаты. Мындайда кесипкөй педагогдору көп мектепке усулдук камылгасы жетишсиз мектептен барган мугалим узак убакыт жүрүшү зарыл болушу ыктымал.

Мугалимдерди алмашуунун дагы бир ыкмасы: маселен, мектептердин биринде дене тарбия сабагы боюнча мыкты программасы бар, ал эми башка мектепте бул программа жакшы уюштурулган эмес, мугалимдердин да тажрыйбасы аз. Андыктан бул мугалим программасы күчтүү мектепте бир нече жума иштесе, өз дараметин арттырмак жана, эң башкысы, программаны окуп-үйрөнмөк. Кийинчерээк мектептердин биринин дене тарбия боюнча программасынын жетекчиси бөлөк мектептин тажрыйбасыз мугалимине барып, кесиптик жактан колдоо көрсөтмөк.

Окуучуларды алмашууну ар кандай ыкмада жүргүзсө болот. Мисалы, бир мектепте кытай тили боюнча жакшы курстар бар, ал эми сиздердин мектепте тилдик туюму мыкты окуучу окуйт, бирок кытай тили мугалимиңиздер жок. Андыктан аталган окуучу кайсы бир иш-чараларга катыша алмак, маселен, Кытай сапарына кошулмак.

Узак мөөнөткө окуучуларды жана мугалимдерди которуштуруп тажрыйба алмашуу кайсы бир күнү аяктай тургандыгы шексиз, бирок алмашуу предмети ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, бир мектеп дене тарбия программасын окутууда күчтүү болсо, экинчи мектеп каражат чогултуу жагынан мыкты болушу ыктымал.

Бирок биз бүтүндөй алмашуу процесси тең болгудай катуу эсеп жүргүзбөшүбүз керек. Дегинкиси бизге качан жардам керек болорун өзүбүз билбешибиз мүмкүн.

### 3.8. Желелерди түзүү

Биз кишилер менен жолугуп, өз максаттарыбызга жетүүгө жардам алуу үчүн байланыш каражаттарыбызды алмашабыз жана муну желе деп атайбыз. Негизги мүдөө өзүбүздүн кесибибизге таандык тааныш-билиштерди арттыруу болуп эсептелет.

Көбүнчө өнөктөштүк жолго коюлган кезде, биз кызматташып жаткан мектеп башкалар менен да алака-катышта экендигине күбө болобуз. Мисалы, мектеп университет, колледж менен иштешүүсү мүмкүн же мектептин кээ бир мугалимдери химия мугалимдеринин онлайн тобуна кошулган болушу жана буга сиз да кошулушуңуз ыктымал. Мындай желени түзүү менен сиз өзүңүздүн кесиптик билимиңизди гана арттырбай, жумушка орношуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөргө ээ болушуңуз да ыктымал.

Желеге кошулуу жана жигердүү катышуу «жекеме жеке» өнөктөш мамилелерди оңой аныктоого жардам берет. Сиз өзүңүздөрдүн кызыкчылыктарды колдоп, биргелешкен ишмердикти уюштурууга даяр турган өнөктөштөрдү таба аласыз.

## 3.9. Кызыгуу

Ар кандай кесиптегидей эле, кээде биздин да кызыгуубуз азаят. Көбүнчө башкаларга жөн эле барып көрүп же башка жерлерде эмне болуп жатканын билип, биздин кызыгуубуз кайрадан артат. Өнөктөштүк бир күндө эле олуттуу өзгөрүүлөргө алып келбесе да, ал инновацияларды киргизүү аркылуу кызматкерлердин кесипкөйлүгүнүн жогорулашына жана ишениминин артышына түрткү берет деп күтсөк болот.

## 3.10. Кесипкөйлүктү өркүндөтүүнүн биргелешкен мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу

Мектеп өнөктөштүгү кесипкөйлүктү өркүндөтүүнүн бейформал түрү болсо да, аны курстар же жекече окутуу сыяктуу оңой эле пландоого болбойт. Бирок кесипкөйлүктү өркүндөтүүнүн бул түрү жогоруда айтып өтүлгөн себептер боюнча майнаптуу болушу мүмкүн.

Ар бир мектепте жүрүүгө тийиш болгон мугалимдердин кесипкөйлүгүн үзгүлтүксүз жогорулатуунун алкагында мындай процесс ар бир мугалимдин жеке муктаждыгына жараша башталып, мектепти өнүктүрүүнүн жалпы планына кирет. Мектеп өнөктөштүгү башка формалдуу усулдар жеткире албаган же мынчалык майнаптуу болбогон натыйжаларга алып келгендиктен, бул өнөктөштүктү кеңири жайылтуу зарыл. Арийне, жыйынтык мектептин күчтүү жактарына жана өнөктөш мамилелердин деңгээлине жараша болору анык. Бирок мектеп өнөктөштүгүнүн ийгилиги кээде гана кокусунан жетишилбесе, дээрлик дайым тыкыр пландоонун жыйынтыгы болуп саналат.

## 4. Ийгиликтүү өнөктөш мамилелер кандай болот?

Мектептеги жемиштүү өнөктөш мамилелер көбүнчө төмөндөгүдөй мүнөздөмөлөргө ээ:

### 4.1. Тең укуктуулук жана сыйлашуу

Мамилелер өзүбүздөгү шарт-жагдайыбызга карабай, бизде бири-бирибизден үйрөнө турган нерселерибиз бар деген ынанымда түзүлөт. Мамилелер милдеттүү болуп эсептелбесе да, өнөктөштүктү жолго коюуда жана колдоодо мектептер «Кодексти» сактоого тийиш. «Кодекстин» болжолдуу варианты бул документтин аягында берилген. Өнөктөш мектептер аны карап көрүп, өз каалоосуна жараша өркүндөтсө болот.

### 4.2. Эки тараптуу кызматташтык

Теңдикке, ишенимге негизделген кызматташуу эки тараптуу болууга тийиш. Мектеп эч нерсе бербей, өзүнө алыш үчүн эле кызматташуусу мүмкүн эмес.

### 4.3. Муктаждыкка жараша өнөктөштүк

Мектептер эң оболу өнөктөштүк жолу аркылуу чечиле турган муктаждыктары кайсылар экендигин аныкташы зарыл. Эгер керектөөбүз жок деп эсептесеңиз, анда өнөктөштүктүн жүрүшү күмөн. Бирок эч нерсеге муктаж болбогон мектептер жок. Мектептердин жекече керектөөлөрү менен муктаждыктарын аныктоо – кесипкөйлүктү үзгүлтүксүз өркүндөтүүнү пландоонун, анын ичинде өнөктөш мамилелерди уюштуруунун биринчи кадамы.

### 4.4. Ар кандай өнөктөштүктү баштоодон мурдагы так, конкреттүү жана реалдуу максаттар

Мектептер ортосунда кандайдыр бир алака түзүүдөн (айрыкча мектептерге ар кандай максатта баруудан) мурун максаттарыңыз кандай жана бөлөк мектепке өзүңүз эмнени сунуштай алаарыңызды аныктоого аракет кылышыңыз керек. Биринчи кезекте сиздердин мектептин өзгөчөлүгү эмнеде экенин, дагы кайсы жагын жакшырткыңыз келерин ойлошуңуз керек.

Максат конкреттүү болууга тийиш. Мисалы, «Биз эң мыкты мектеп болгубуз келет» деген максат өтө эле чаржайыт. Эгер максатты болжол менен: «Биз кыргыз тили сабактарында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо усулдарын жакшырткыбыз келет», - деп койсоңуздар, орундуу болот. Балким, бизде өнөктөш үчүн жетиштүү негиз дайыма эле боло бербейт, андыктан биз бир эле максатты көздөөгө тийиш эмеспиз. 2-тиркемедеги максаттарды түзүүнүн текшерилген тизмесин пайдалансаңыз болот.

Мындан тышкары, сиздин максатыңыз ишке ашкыдай болушу кажет. Эгер сиздин максатыңыз окуучулар класстарга батпай калгандыктан жаңы кабинеттерди куруу болуп, ал эми өнөктөшүңүз каражат топтоо же пландоо боюнча мыкты көндүмдөргө ээ болсо, сиздин маселени чечүүгө өнөктөштүн тажрыйбасы сөзсүз кереги тиет!

Бирок өзүңүз үчүн бир учурду тактап алышыңыз абзел. Кызматташуунун максаттарын аныктап алып, эгер мүдөөңүз орундалбай калса, өнөктөш мамилелерге бекер эле убакыт коротуп жатам деп ойлоп калбашыңыз керек. Бирге иштеп жатып, сиз мурда оюңузга келбеген пайдалуу нерсеге жетишүүгө болорун байкайсыз.

## 4.5. Ийне-жибине чейин пландоо

Ар кандай иш-чаралар сыяктуу эле, онлайн-семинарлар өңдүү өнөктөш мамилелер да жакшы пландалганда гана ийгиликке жетишет. Каалагандай конкреттүү окуя үчүн бизге конкреттүү максаттар керек: биз эмне үчүн муну жасаарыбызды жана натыйжасынан эмнени күтөрүбүздү билишибиз кажет. Биз кандай иш-чара өткөрөбүз – практикалык семинарбы же лекциябы, бул иш-чараны өткөрүүгө кандай каражаттар керектелет жана иш-чара кайда өтөт ж.б.у.с. - баарын карап көрүшүбүз абзел. Кээ бир максаттарга жетүү үчүн онлайн иш-чаралар өтө үнөмдүү болушу мүмкүн, ал эми башка иш-чаралар үчүн «бетме-бет» жолугушуулар ылайыктуу.

Биз мерчемделген иш-чараларга кимдер катышарын, алар качан өтөрүн (күнүн, убактысын) да белгилеп, тартыла турган кызматкерлердин тизмесин тактаашыбыз зарыл. Кызматкерлер өздөрүнүн утурумдук милдеттерин жана ыктымал жаңы жүктөмдөрүн кантип аткарарын да ойлошубуз керек. Мисалы, эгер биз онлайн-семинарга мугалимдерди катышсын десек, алардын ордуна ким сабак өтөт?

Биз катышуучулар кайсы милдеттерди аткарарын жана кандай деңгээлде аткарарын да аныктоого тийишпиз. Мисалы, эгер сиз сабактардын пландарын алмашкыңыз келсе, анда жан дили менен бөлүшүү үчүн катышуучулар пландарды белгилүү форматта даярдашы керек.

Ошондой эле кандай ресурстар бизге керек болорун да чечип алышыбыз зарыл: мисалы, эгер бул катышуучулар бири-бири менен жолуга турган «бетме-бет» семинар болсо, кабинеттеги отургучтар, үстөлдөр жетиштүүбү? Алар кайда түнөйт? Көбүнчө дал мына ушул майда-чүйдө нерселер эске алынбагандыктан иш-чаралар оңунан чыкпай калышы ыктымал.

## 4.6. Сапаттуу диалог

Өнөктөш мамилелердин ийгилиги сиздердин мектеп ичинде да, мектептен сырткары өнөктөш мектеп менен да сапаттуу сүйлөшүүгө жараша болот. Мында маалымат так, өз убагында, зарылчылыкка жараша текшерилип берилиши керек.

Бул айтылгандарды маданияты жана тили бөлөк мектептер менен өнөктөш мамилелерди түзүүдө айрыкча эске алуу абзел. Мындай учурларда кантип иштешүүнү ар ким ар башкача ойлошу мүмкүн. Иш оңунан чыкпай калбашы үчүн кат жүзүндөгү байма-бай байланышты жана майда-чүйдөлөрдү эске алуу менен шашылыш чараларды камсыз кылуу абзел.

### 4.7. Иштин мөөнөтү, катышуучулар жана заттык ресурстар боюнча милдеттенмелер

Достук сыяктуу эле, мектеп өнөктөштүгү да бул мамилелерди сактоо үчүн убакытты жана ресурстарды талап кылат. Эгер мындай мамилелерде чыгым аз жумшалса же такыр эле жумшалбаса, демек, буга маани бериштин жана көңүл буруштун кереги жок турбайбы деп ойлогон туура эмес. Иш жүзүндө, баары тескерисинче. Сиз эч нерсе төлөбөгөн нерсе сиз үчүн баалуу ресурс болуп калышы мүмкүн.

Мектепке барууга өтө тыкыр даярдануу зарыл экендигин унутпашыбыз керек. Мисалы, өз ара катташуу уюштурулган ар кандай эл аралык өнөктөш мамилелерди караштырганда, сиздердин өлкөдө жок кайсы бир ченемдик талаптар болушу мүмкүндүгүн эске алуу керек.

Мектеп деректири башка мектеп менен өнөктөш болуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндө, мектептин баардык кызматкерлерине ишмердиктин мындай түрүнө байланышкан күтүүлөр менен милдеттенмелер так, даана аныкталышы керек. Атүгүл сабактардын пландарын алмашуу сыяктуу жөнөкөй эле мамилеге да убакыт жана кызматкерлердин ишеними талап кылынат.

Эгер өнөктөштүк программасынын нугунда мектепке баруу пландалса, бул айрым чыгымдарды талап кыларын жана кабыл алуучу тарап чыгымдын бир бөлүгүн (мисалы, эртең мененки жана түшкү тамак…) көтөрөрүн билип, арзаныраак турак-жай ж.б.у.с. менен камсыз кылууга көмөктөшүүбүз керек.

### 4.8. Баалоо жана окутуу

Ийгиликтүү өнөктөш мамилелер – бул өнөктөштүк бир кыйла майнаптуу болушу үчүн биргелешкен иш-чараларды жүргүзгөндөн кийин жетишкендиктер менен кемчиликтерди аныктоо, колдонулуучу процесстерди жакшыртуу зарыл болгон иштин түрмөктүү процесси.

## 5. Бирок… көйгөйлөр жана аларды чечүү

Кандай гана өзгөрүүлөр болбосун убакытты жана белгилүү иш-аракетти талап кылат. Мугалимдердин убактысы чакталуу болгондуктан, алар үчүн кандайдыр бир жаңы нерсени жасап көрүү керекпи деп ойлошуңуз мүмкүн. Төмөндө сиз башка мектептер менен эмне үчүн өнөктөш мамилелерди түзгүңүз келбегендигинин жана эмнеден жаңылып жаткандыгыңыздын айрым себептери келтирилди!

### 5.1. Тил

Сиз туш келген көйгөйлөрдүн бири – өзүңүздүн өнөктөш колдонгон тилди колдонбогонуңуз. Муну жөнгө салуунун бир канча жолдору бар. Биринчиден, сиз жалпы тилде (англис, орус же дагы башка тилдерде) сүйлөгөн мектептин кайсы гана кызматкеринин, ата-эненин же аталган предметти окуткан мугалимдин жардамынан баш тартпоого тийишсиз. Сиз кээ бир окуучулар, атүгүл алыскы райондордогу балдар англис тилин баарлашуу үчүн жетишерлик деңгээлде билерин көрүшүңүз мүмкүн.

Экинчиден, сиз котормо иштерин жасай ала турган интернет каражаттарын кеңири пайдаланууга аракет кылып көрсөңүз болот. Эгер мурда котормонун сапаты начар болсо, азыр орус, англис тили сыяктуу негизги тилдер үчүн анын сапаты тез жакшырууда. Кыска айтымдарды да, бүтүндөй документтерди да алардын форматтары менен ыкчам которо алган Google Translate'ни колдонууну сунуштайбыз. Skype сыяктуу каражаттар сапаты анча мыкты болбосо да (бирок учурда технологиялар тез жакшырып жатат), угуза айтылган сөздөрдү дароо которууга мүмкүнчүлүк берет.

Бир нече тилдерге которо турган ресурстары бар сайттарды да колдонуңуз. Албетте, орус тилиндеги мыкты ресурстарга ээ көптөгөн сайттар да бар. Эң башкысы, сиздердин мектеп интернеттен аталган жаатагы ресурстарды табар замат бөлөк мектептерге кабарлап турса болот.

Предметтер боюнча маалыматтарды, сабактардын пландарын, окутуу теориясы жана методологиясы тууралуу маалыматтарды ж.б.у.с. сунуштоочу көптөгөн сайттар бар. Веб-сайттардын көпчүлүгүн браузер аркылуу негизги тилдерге заматта которсо болот.

### 5.2. Чыгымдар

Эгер сиздердин кызматкерлердин айрымдары Европа мектептерине барса, бул өтө кымбатка турары анык. Бирок эгер ишти көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдорун, сабактардын пландарын жана усулдарды жергиликтүү мектеп менен жөнөкөй алмашуудан баштасаңыз, анда сиз телефондук чалуулар менен автобустун белетине гана акча сарптайсыз. Ошондуктан адегенде жергиликтүү өнөктөштүккө көңүл бурууну сунуштайбыз.

## 5.3. Устав, нускамалар

Сиз өнөктөш ишмердиктин мыйзамдуу нукта жүргүзүлүшүнө тынчсызданышыңыз мүмкүн. Мисалы, башка өлкөлөрдө окуучулар башка мектептерге барышса, алар үчүн юридикалык жоопкерчиликти мектеп мойнуна алат.

Бирок жергиликтүү катташууларга, айрыкча кызматкерлер үчүн интернет аркылуу жүргүзүлүүчү иш-чаралардын баарына эч кандай чектөө жок. Өнөктөштүк мектептерди бекемдөөгө өбөлгө түзөт, КР Билим берүү жана илим министрлиги муну иш жүзүндө колдоп-кубаттайт. Ошентсе да, эгер окуучулар мектептин чегинен сырткары чыга турган болсо, райББ/шаарББ тарабынан уруксат/макулдук алууну сунуш кылабыз.

Ал эми эл аралык өнөктөштүккө, айрыкча алмашуу программасына келе турган болсок, биз муну алдын ала райББ/шаарББ жана/же КР БИМ менен макулдашууну сунуштайбыз. Балким, алар өнөктөш мамилелер тууралуу Тышкы иштер министрлигине кабарлашат, анткени сиздердин мектеп чет элдик мектептер менен кызматташса, анда бүткүл өлкөнүн атынан барасыздар. Бул маселени кечиктирбеңиздер, себеби жогору жактагы органдар колдоо көрсөтүп, сиздерге жардам бериши ыктымал.

## 6. Өнөктөш мамилелерди пландоо

Ошентип, өнөктөш мамилелерди уюштурууга сизди ынандырдык! Эми эмнеден баштоо керек?

Өнөктөштүктү жолго коюу жана сактоо убакытты талап кылгандыктан, жетекчиликтен кимдир-бирөө жоопкерчиликти өзүнө алууга тийиш. Өнөктөштүк негизинен академиялык маселелерге байланыштуу болгондо, кийинки кээ бир милдеттер бөлүштүрүлсө да, ОТИ боюнча бөлүм башчы жоопкерчиликти алганы оң. Төмөндө өнөктөштүктү пландоодо эске алуу зарыл болгон кадамдар келтирилди.

1. **Мүдөө:** Биринчиден, өнөктөштүк сиздердин мектепке эмне бере тургандыгын жана өзүңүздөр эмне бере аларыңыздарды аныктап, чоң максаттары бар мектептин мүдөөсүн иштеп чыгууга тийишсиздер. Тиркемеден сиздердин мектептин күчтүү жана чабал жактарын кантип анализдөө керектиги боюнча айрым кыйытмаларды карап көрүңүз. Бул ушул этапта пайдалуу болсо да, конкреттүү максаттар түрүндө туюнтулбашы керек.

2. **Өнөктөштү издөө:** Сиз кайсы мектеп менен кызматташкыңыз келерин ойлонуңуз. Мындай кызматташтыкты буга чейин кандайдыр карым-катнашыңыз бар (айрыкча алар сиздерди кызыктырган кайсы бир иштер жүргүзүп жаткан) мектептер менен баштасаңыз дурус болот. Сиз Кыргызстандагы менчик жана эл аралык мектептерди да караштырып көрүшүңүз зарыл, анткени көбүнчө алардын иш тажрыйбасы такыр башкача болсо да, мамлекеттик мектептер менен байланыш түзүүгө умтулушу ыктымал. (Тиркемелердеги тизмени караңыз.) Кийин ошол мектептердин бирине кайрылсаңыз болот. Тиркемеге бул максатта колдонууга ылайыктуу каттын шаблонун коштук.

> **Боордош шаарлар**
>
> Эгер сизге Кыргызстандын чегинен сырттагы мектептер менен өнөктөштүктү баштоо кызык болсо, анда боордош шаарлардын тажрыйбасы жакшы жардам берет.
>
> 4-тиркемени караңыз.

3. **Кеп-кеңеш:** Өнөктөш катары сизди кызыктырган мектепти аныктаган соң, тараптардын кайсынысы эмнени сунуш кыла аларын жана айрым бир баштапкы иш-чараларды аныктоону талкуулоо үчүн жолугушуу керек.

4. **Бири-бири менен таанышуу:** Алгач бул ишенимге негизделген «Ачык эшик күнү», предметтик компетенцияларга жетишүү үчүн сабактарды чогуу пландоо сыяктуу иш-чаралар же эки мектептин тең окуучулары тапшырмаларды бирге аткарган же онлайн режимде же реалдуу режимде өз иштерин алмашкан иш-чаралар болушу мүмкүн.

5. **Изилдөө:** Андан кийин талкууларга көңүл буруп, сиздин оюңузча өз мектебиңиздер үчүн орчундуу болгон конкреттүү суроолорго/маселелерге жооп табуу мүмкүнчүлүгүн издесеңиз болот. Мисалы, сиздердин мектеп математика сабагы боюнча жетишпеген

окуучулар менен кандай иштерди алып барат? Бул үчүн сиздер окутуу процесстери менен усулдарын жана алардын натыйжаларын бири-бириңиздерден үйрөнсөңүздөр болот.

6. **Иш-чараларды пландоо:** кийин сиздер күчтүү өнөктөш окутууну/тажрыйба алмашууну уюштуруп, өзгөрүүлөргө алып келүүчү иш-чаралардын толук планын чогуу иштеп чыга аласыздар. Ошентип, жалпы ири окуяга түрткү болуучу баардык кошумча иштердин графигин түзсөңүздөр болот. Эгер документтер эртерээк алмашылса, иш-чаралардын натыйжалуулугу артат.

Бирок баардык эле иш-чаралар кесипкөйлүктү өркүндөтүүгө багыттала бербеши керек. Алсак, айылдык мектеп шаардык мектеп менен кызматташуу аркылуу шаардык мектептин окуучуларына аймактын табияты же региондун салт-санаалары менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк берет.

7. **Коммуникация:** Эки өнөктөш тең ар кандай окуянын **максаттарын** же ар кандай ыктымал **жагдайларды** макулдашып алганы жөн. План түзүлүп, ресурстар бөлүнгөндөн кийин, мектепте эмне боло тургандыгы жөнүндө баары билүүгө тийиш. Баардык кызматкерлер, окуучулар жана алардын ата-энелери да мектепте эмне боло тургандыгы, пландалган иш-чаралардан эмне күтүлөрү жөнүндө билиши зарыл.

8. **Баалоо:** Ар бир иш-чарадан соң өнөктөшүңүз менен бирдикте эмне аткарганыңызды талдап көрүп, кийинки иш-чараны жакшыртуу жолдорун чогуу издешиңиздер керек.

Бир мектеп менен өнөктөш болгондон кийин башка мектептер менен да өнөктөш мамилелерди түзүүнү баштасаңыз болот. Бирок бир бекем өнөктөштүк 20 чабал өнөктөштүктөн жогору турарын унутпаңыз. Ошондуктан жаңыларын баштагандан көрө убакытты колдо барын бекемдөөгө жумшаган оң. Эл аралык өнөктөштүккө гана ишене берген да болбойт.

Эгер сиз эл аралык өнөктөш мамилелерди түзүүгө кызыкдар болсоңуз, биз тиркемеде кээ бир веб-сайттарды сунуштайбыз. Долбоордун 30 пилоттук мектеби үчүн «Бул окуу жылдын мүмкүнчүлүктөрү» бөлүмүн кунт коюп окуп чыгуу сунуш кылынат.

## 7. Тиркемелер

### 1-тиркеме. Кодекс (үлгү)

Өнөктөштүк ишеним артууга жана сыйлашууга жараша болгондуктан, айрым бир макулдашылган адептик ченемдерди эске алуу зарыл. Төмөндө сиздер сактай турган кээ бир эрежелер келтирилди.

1. Биз өз өнөктөштөрүбүзгө дайыма сый мамиле кылабыз.

2. Биз өзүбүздүн күчтүү жана чабал жактарыбызды жашырбай ачык айтабыз.

3. Биз чыгымдарды азайтууга бар күчүбүздү жумшайбыз жана кандайдыр бир интеллектуалдык менчикке акы албайбыз.

4. Биз өнөктөш катары дайым эле өз өнөктөшүбүзгө бергенчелик ала албай калсак деле кайылбыз.

5. Башка мектеп эмнелерди сунуштаары жөнүндө кандай ойдо болгондугубузга карабай, биз ал мектепти жарыя да, өзүбүзчө да сындабайбыз.

6. Мектептер ортосундагы каалагандай байланыштар купуя жүрөт.

7. Эгер биз кандайдыр бир ресурстарды алган болсок, биз аларды өзүбүздүн мектептин чегинен сырткары бөлөк адамдарга берүүдөн мурда авторлордон/ээлеринен уруксат сурайбыз.

8. Биз өнөктөштүн ар кандай буюмуна же кызматкерине өзүбүздүкү сыяктуу мамиле кылабыз.

9. Биз акылга сыярлык убакыт аралыгында жардам бере албасак да, суроо-талаптарга сөзсүз жооп берип турабыз.

### 2-тиркеме. Сиздердин мектептин күчтүү жана чабал жактарын талдоо

Ойдогудай болуш үчүн мектептин күчтүү жана чабал жактарын баардык кызматкерлер менен чогуу, эгер мүмкүн болсо, мектеп комитети менен бирге талдоо керек. Катышуучулар ортосунда чын ыкластуу ишеним болгону өтө маанилүү. Өз жетишкендиктери менен мактанууга же иши оңунан чыкпай калгандыгы үчүн башкаларды сындоого жол берилбеши керек.

Биз мектептин күчтүү жактары тууралуу ойлогонубузда, сабактардын жүрүшүн эле эске албашыбыз керек. Сиздердин мектептин өзгөчөлүгү, айталы, башка мектеп үчүн кайсы бир тараптан пайдалуу эсептелген анын жайгашкан жери (мисалы, окуучулардын жүрүшкө чыгышын уюштуруу үчүн), программалары ж.б.у.с. башкача болушу мүмкүн. Албетте, алмашууга мүмкүн болбогон нерселерди санап отуруунун зарылчылыгы жок.

Төмөндө биз мектептин күчтүү жана чабал жактарын талдоодо сизге жардамы тийиши ыктымал кээ бир суроолорду жаздык, бирок **<u>бул тизме менен эле чектелбеңиз</u>**!

1. Сиздердин мектептин жайгашуусу өзгөчөлөнөбү?
2. Коомдоштук менен сиздердин мамилеңиздер жакшыбы? Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуз?
3. Окуучулардын жетишкендиктерин жакшыртуу үчүн мектептин жайгашкан ордун жана коомдоштукту пайдаланасыздарбы?
4. Сиздин пикириңизче, жетектөө тутумунда өтө майнаптуу иштеген кандайдыр бир ыктар барбы?
5. Мектепте кайсы предмет/класс өзгөчө ийгиликтерге жетишкен?
6. Айрым предметчи мугалимдер, мисалы, сабактардын планын түзүүдө колдонгон жаңычыл кандайдыр бир ыкмалар барбы?
7. Сиздердин мектептин баардык окуучулары (мыкты жана жакшы окугандар гана эмес) жакшы ийгиликтерге жетишип жатат деп ойлойсузбу?
8. Сынчыл ойлоону жана суроолорду берүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн сиздер өз мектебиңерде эмне кылдыңыздар?
9. Сиздердин мектепте окутуунун интерактивдүү усулдары кеңири колдонулабы?
10. Окуучулардын жүрүм-турумунда ийгиликтүү жайгарылган кандайдыр көйгөйлөр болду беле?
11. Сиздердин мугалимдер сабакта окуу китептерден тышкары окутууну жакшыртуунун салттуу эмес каражаттарын да пайдаланышабы?
12. Мугалимдерге, айрыкча жаш адистерге колдоо көрсөтүү боюнча кандайдыр бир майнаптуу ички механизмдер барбы?
13. Баардык мугалимдердин кесипкөйлүгүн өркүндөтүүнү камсыздоо боюнча майнаптуу ички механизмдер барбы?
14. Сиз өз мектебиңизди баардык окуучулар окууга кызыккан «бактылуу» мектеп деп атай аласызбы? Эмне үчүн?
15. Сиздердин мектепте баардык кызматкерлер ишке дилгирленип, дайыма кайра жумушка баргысы келеби? Буга кандай факторлор таасир этет?
16. Сиздердин мектепте компьютер ж.б. сатып алууга акча эле сарптап койбостон, мугалимдер маалымат-катнаш технологияларын жакшы колдонобу (бул жабдууларды колдонуунун жаңы ыкмаларын тапканбы)?
17. Сиздердин жамаат мугалимдер дайыма өз ара жардамдашып, мисалы, сабактардын пландарын алмашып, ишти чогуу аткарабы?
18. Сиздердин мектепте мугалимдердин ооруп же кырсыкка кабылып калган ж.б.у.с. күтүүсүз кырдаалдарды жайгаруунун жол-жоболору/механизмдери барбы?
19. Сиздердин мектеп иш билгиликке негизделген жаңы стандарттарды түшүнүү жана жайылтуу жагынан чоң ийгиликке жетишкен деп эсептейсизби?
20. Сиздердин мектепте окуучулар үчүн сабактан кийин уюштурулуучу программалар (ийримдер, клубдар) барбы?

21. Мектеп жана айлана-чөйрө окуучулар үчүн кызыктуу жана коопсуз болушу үчүн чара көргөнсүздөрбү?
22. Окуучуларды баалоонун жаңы жана инновациялык усулдары жайылтылганбы жана алардын натыйжаларын ата-энелерге көрсөткөнсүздөрбү?
23. Сиздердин мектеп ресурстарды камдоо жана бөлүштүрүү механизмдерин кантип ачык-айкын иштетет?
24. Сиздердин мектеп кошумча ресурстарды каржылоонун инновациялык жана адилеттүү ыкмаларын иштеп чыкканбы?

---

***3-тиркеме. Мектептерде өнөктөштүктү илгерилетүүчү сайттар:***

http://www.erasmusprogramme.com/

https://www.etwinning.net/en/pub/index.htm

https://www.britishcouncil.org/etwinning

https://www.facebook.com/ETwinningeurope/

https://www.slideshare.net/europeanschoolnet/etwinning-plus-partnerfinding-russian

http://www.vetserbia.edu.rs/Prirucnici/Prirucnici%20za%20direktore/English/Twinning%20and%20Partnership.pdf (ушул колдонмону жазууда мунун пайдасы тийди)

---

***4-тиркеме. Боордош шаарлардын тиркемелери:***

Бишкектин боордош шаарлары:

- Алматы, Казакстан
- Астана, Казакстан
- Казвин, Иран
- Колорадо-Спрингс, Колорадо, АКШ
- Мериден, Коннектикут, АКШ
- Анкара, Түркия
- Измир, Түркия
- Үрүмчү, Кытай Эл Республикасы
- Минск, Беларусь
- Гуми, Түштүк Корея
- Торонто, Канада

Оштун боордош шаарлары:

- Йозгат, Түркия
- Андижан, Өзбекстан

Караколдун боордош шаары:

- Эшвилл, Түндүк Каролина, АКШ

- Гебзе, Кожаэли, Түркия

Канттын боордош шаарлары:

- Джоппатоун, АКШ
- Видное, Россия

***5-тиркеме. Кыргызстандагы жеке менчик жана эл аралык мектептер***

*Кыргызстанда 180ден ашуун жеке менчик мектеп бар (Чүй облусунда 24, Таласта 5, Нарында 1, Ошто жана Ош облусунда 4, Жалал-Абад облусунда 14, Бишкекте 84 жеке менчик мектеп иштейт). Төмөндө алардын өтө белгилүүлөрүн келтирдик. Каалооңорго жараша интернеттин жардамында сиздер Кыргызстандагы дагы башка жеке менчик жана макамдуу мектептерди (гимназияларды, лицейлерди) тапсаңыздар болот.*

| Жеке менчик мектептер | Эл аралык мектептер |
|---|---|
| **Ага-Хан мектеби, Ош**<br>Мирлан Осмоналиев, деректир<br>Курманжан датка көчөсү, 93<br>Ош, Кыргызстан<br>Тел.: + 99 6 3222 21364<br>www.agakhanschools.org/KyrgyzRepublic/AKSO/ContactUs/AKSO<br><br>**«ЭВРИКА» билим берүүчү комплекс-гимназиясы**<br>Бишкек ш., Байтик Баатыр көч., 36 А<br>Электрондук почтасы: Evrika_bi@mail.ru<br><br>**«Илим» билим берүү комплекси**<br>Бишкек ш., Токтоналиев көч., 6-Б<br>Тел.: +996312541379; 545687<br><br>**«Илим-Ош» билим берүү комплекси**<br>Деректири: Абдывасиева Алима Абдилакимовна<br>Кыргызстан, Ош ш., Петров көч.<br>(03222) 48702, 48295<br><br>**Автордук мектеп-комплекс**<br>Бишкек ш., Свердлов району,<br>Аламүдүн 1 кичи району, 76/1-үй<br>Тел.: +996 312 63 11 33, +996 312 63 22 60, +996 555 77 54 83<br>Электрондук почтасы: ask76-1@mail.ru<br><br>**«Келечек» БК**<br>Бишкек ш., 8-кичирайон, 39-үй<br>т.+996 312 576428<br>Электрондук почтасы: shkola.kelechek@mail.ru | **QSI International School Бишкек**<br>Дареги: Тыныстанов көч., 14А<br>Бишкек, Кыргызстан 720055<br>Тел.: 996-312-563139 /41<br><br>**Hope Academy Бишкек**<br>Дареги: Гоголь көч., 127б<br>Бишкек, Кыргызстан<br>Тел.: 996 (312) 681 079<br><br>**European School in Central Asia (ESCA)**<br>Дареги: Бишкек, Кыргызстан, Бронированная көч., 67 А<br>Тел.: +996 312 214 406; + 996 706 200 200;<br><br>**Oxford International School**<br>Дареги: Тынчтык саябаны, 153<br>Бишкек, Кыргызстан, 720040<br>Тел.: +996 558551155<br><br>**Silk Road School**<br>Аалы Токомбаев/Душанбе,<br>Бишкек, Кыргызстан<br>+996 (312) 884129<br>+996 (551) 932222<br>+996 (771) 932222<br>Электрондук почтасы: office@sris.edu.kg |

***6-тиркеме. «Боордош мектептер» программасына катышуу үчүн мектепке чакыруу каты (үлгү)***

*{Сиздердин мектептин аталышы}*
*{Мектептин дареги жана байланыш маалыматтары (телефондор, электрондук дарек)}*
*{Датасы}*
*{Сиздин аты-жөнүңүз}*
*{Сиздин кызматыңыз}*

*Тема: «Боордош мектептер» программасын талкуулоо үчүн жолугушууга өтүнмө*

*Биз кызматташуу үчүн мектепти издеп, Сизге {мектептин аталышы} мектебинин атынан мен, {сиздин кызматыңыз, аты-жөнүңүз} кат жазып жатам. Бул кызматташуудагы биздин максатыбыз мугалимдерибиздин дараметин арттыруу аркылуу окуучулардын жетишүүсүн жакшыртуу, окутууда алдыңкы тажрыйбаны пайдалануу жана окуучуларыбыз үчүн окутуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү болуп саналат.*

*Өзүбүздүн утурумдук педагогикалык практикабыздын күчтүү жана чабал жактарына жана алардын натыйжаларына баалоо жүргүздүк. Биз мындай кызматташтыктан пайда эле көрбөй, өзүбүз да сиздерге пайдабыз тийиши мүмкүн деп ойлойбуз.*

*Биздин оюбузча, өнөктөштүк идеяларды жана иш тажрыйбасын эркин алмашууга негизделиши керек, ошондуктан биз бул өнөктөштүктөн эч кандай каржылык пайда көздөбөйбүз.*

*Эгер сиздер ушундай өнөктөштүктү жолго коюу үчүн жолугушууга кызыкдар болсоңуздар, мени менен өзүңүздөргө ыңгайлуу убакта электрондук почта же телефон (номуру, WhatsApp номуру) аркылуу байланышууңуздарды өтүнөм.*

*Сиздерге бардык жакшылыктарды тилеп,*

*{Сиздин аты-жөнүңүз}*

*{Мектептин аталышы/ сиздин кызматыңыз}*